# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН ПЛЕНУМУНУН ТОКТОМУ

2025-жылдын 25-декабры Бишкек шаары

№34

**“Аталыкты аныктоо жөнүндө иштерди кароодо соттор тарабынан мыйзамдарды колдонуу жана бул маселе боюнча СССР Жогорку сотунун Пленумунун 1982-жылдын 25-мартындагы № 2 токтомун аткаруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 1991-жылдын 5-июлундагы № 2 токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу**

Мыйзамдардын өзгөрүшүнө байланыштуу жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун токтомдорун инвентаризациялоонун алкагында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 98-беренесинин 3-бөлүгүн, Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 18-беренесинин 7-пунктун жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленуму

**т о к т о м к ы л а т:**

**1.** Токтомдун жалпы тексти боюнча “Республика Кыргызстан” жана “НжҮК” деген сөздөр тиешелүү жөндөмөлөрдө “Кыргыз Республикасы” жана “Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодекси” деген сөздөргө алмаштырылсын;

**2.** Токтомдун преамбуласы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

- “Мыйзамды бирдей колдонуу максатында, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленуму” жана андан ары текст боюнча;

**3.** Токтомдун 2-пунктундагы “НжҮКнын 69-беренесинин 1-бөлүгү” деген сөздөр “Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин 54-беренесинин 3-пункту” деген сөздөргө алмаштырылсын;

**4.** Токтомдун 3-пунктундагы “НжҮКнын 64-беренеси” деген сөздөр “Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин 54-беренесинин 2-пункту” деген сөздөргө алмаштырылсын жана андан ары текст боюнча;

**5.** Токтомдун 5-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

- “Аталык сот тартибинде ата-энелердин биринин, баланын камкорчусунун (көзөмөлчүсүнүн) арызы боюнча же бала багуусунда турган адамдын арызы боюнча, ошондой эле бала эрезеге жеткенден кийин анын өз арызы боюнча аныкталат”;

**6.** Токтомдун 6-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

- “Аталыкты аныктоодо сот Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин 52-беренесине ылайык, баланын белгилүү бир адамдан төрөлгөндүгүн ишенимдүү тастыктаган социалдык жана биологиялык далилдерди эске алат.

Социалдык далилдер катары баланын энеси менен жоопкердин баланын төрөлүшүнө чейин чогуу жашагандыгы, жалпы чарба жүргүзгөндүгү же баланы биргелешип тарбиялагандыгы, же аны үзгүлтүксүз баккандыгы жөнүндө фактылар, ошондой эле жоопкер тарабынан аталыкты тааныгандыгын ишенимдүү тастыктаган далилдер, атап

айтканда, доогер аялдын жоопкердин ата-энесинин үй-бүлөсүнө келин катары кириши, тараптардын ата-энелери (туугандары) тарабынан каада-салттык ырым-жырымдардын аткарылышы жана башка жагдайлар кабыл алынышы мүмкүн.

Ишти кароодо баланын төрөлгөндүгүнө байланыштуу атайын билимдерди талап кылган маселелерди тактоо үчүн сот иштин жагдайларын эске алуу менен өз демилгеси боюнча же тараптардын өтүнүчү боюнча соттук-медициналык экспертиза дайындай алат.

Соттор соттук-медициналык экспертизанын корутундусу, иш боюнча башка далилдер сыяктуу эле, далилдөөнүн өзгөчө каражаты болуп саналбастыгын жана иште бар болгон бардык далилдердин жыйындысында бааланышы керектигин эске алуулары зарыл.

Ошондой эле соттор баланын белгилүү бир адамдан төрөлгөндүгүн ишенимдүү тастыктаган далил катары баланын, болжолдонгон атанын жана, зарыл болгон учурда эненин ДНКсын изилдөөгө негизделген ДНК-тесттин (генетикалык экспертизанын) жыйынтыгы эсептелерин көңүлгө алышы керек”.

**7.** Токтомдун 7-пункту алып салынсын;

**8.** Токтомдун 9-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

**-** **“**Аталыкты аныктоо жөнүндө доо арыздардан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 15-апрелиндеги №159-токтому менен бекитилген мамлекеттик алымдын ставкаларынын 1-пунктунун 4-пунктчасына ылайык, эсептик көрсөткүчтүн жети эселенген өлчөмүндө мамлекеттик алым алынат.

Аталыкты аныктоо жана балдарды багуу үчүн алимент өндүрүү жөнүндө доо талаптар бир учурда коюлганда, доогер Кыргыз Республикасынын Салыктык эмес кирешелер жөнүндө кодексинин 141-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пунктуна ылайык мамлекеттик алымды төлөөдөн бошотулат**”.**

**9.** Бул токтом Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Регламенти менен белгиленген тартипте жана мөөнөттөрдө күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун төрагасы** **М.А. Сатыев**

**Пленумдун катчысы,**
**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун судьясы** **Т.Т. Чаргынова**